КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин I -чакырылышынын XII-кезектеги сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2026-жылдын 06-апрель **№21** Барскоон айылы

## Барскоон айыл аймагындагы жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу үчүн 2026-жылга ижара акысын жана жайыт акысын бекитүү жөнүндө

“Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу чөйрөсүндөгү жөнгө салуу жөнүндө” КРнын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 30-майындагы №301 токтомуна ылайык, “Бапа-Желдең жайыты” муниципалдык ишканасынын жетекчиси Т.Жорупбековдун Барскоон айыл аймагындагы жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу үчүн ижарага берүүнүн акысын бекитип берүү тууралуу жана 2026-жыл үчүн жайыт акысын бекитүү жөнүндө кайрылуусун карап жана талкуулап, Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдаланууга ижарага берүү жана ижара акысы тууралуу “Бапа-Желдең жайыты” муниципалдык ишканасынан жетекчиси Т.Жорупбековдун маалыматы эске алынсын.
2. Барскоон айыл аймагындагы жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган максаттарда пайдалануу үчүн жеке жана юридикалык жактарга берүүнүн 2026-жылга карата ижара акылары төмөнкүдөй болуп бекитилсин:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1. | Эс алуу үчүн (1), маданий, ден соолукту чыңдоочу, туристтик жана спорттук иш-чараларга катышуу (4), жалпы таралган пайдалуу кендерди казып алуу (8) | 1 га | 35 000 |
| 2. | Жеңил конструкциядагы (капиталдык эмес) байланыш курулмаларын, сүттү чогултуу жана баштапкы кайра иштетүү пункттарын жана малды жасалма уруктандыруу пункттарын орнотуу (6) | 1 сотых | 1000 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3. | Үлүш жерлердин курчоосунда калган жайыт жерлерине чөп, тоют даярдоо (7) | 1 га | 1000 |

3. Барскоон айыл аймагынын айылдарында өткөрүлгөн 2026-жылга карата мал багуу акысын бекиткен элдик жыйындардын протоколу жактырылсын.
4. 2026-жылга карата жайыт акысы 1 айга бодо малга 25 сом, кой-эчкиге 5 сом өлчөмүндө бекитилсин.
5. Жалпы элдик жыйындын негизинде чечимде бекитилген тарифтер бузулган учурда мыйзам чегинде чара көрүлсүн.
6. "Бапа-Желдең жайыты" муниципалдык ишканасынын жетекчиси Т.Жорупбеков жайыт акыларды өз учурунда, толук көлөмдө чогултуу жана токтомго ылайык уюштуруу иштерин аткаруу жагы милдеттендирилсин.
7. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
8. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
9. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
10. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, муниципалдык менчик жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ч.А.Ажыбеков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска